DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Чокобаева Г.*

# «САПАТ» ТҮШҮНҮГҮ ТУУРАЛУУ БУЛАКТАРДЫН ТЕОРИЯЛЫК ТАЛДООСУ

*Чокобаева Г.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЙ АНАЛИЗ ИСТОЧНИКОВ О ПОНЯТИИ «КАЧЕСТВО»

*G. Chokobaeva*

# THEORETICAL ANALYSIS OF SOURCES ABOUT THE CONCEPT «QUALITY»

*УДК: 37.031*

*Макалада заманбап илимий булактарда берилген «сапат» түшүнүгүнүн талдоосун жүргүзүү аракети болду. Контекст жана ишмердүүлүккө ылайык «сапат» түшүнүгүнүн көптөгөн аныктамалары кездешет. Сапат – бул ар бирибиздин кызыгууларыбыз экендигин түшүнүү маанилүү. Макалада «сапат» түшүнүгүнүн эволюциясына басым жасалган, себеби тарыхый саякат бул түшүнүктүн ар түрдүү түшүндүрмөлөрүн жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Аныктамага багыттардын, ар түрдүү классификациялардын көптүгү, мааниси боюнча бийик даражасыушунун баары экономика жана жалпысынан коом үчүн «сапат» категориясынын өзгөчө маанилүүлүгүн күбөлөндүрөт. Макалада ошондой эле сапаттын өнүгүүсүнүн негизги мезгилдери дагы сунуш кылынат. Кийинчерээк сапат коомдук муктаждыктар өсүп, ар түрдүү болуп, көбөйгөн сайын аларды канааттандыруу боюнча өндүрүштүн мүмкүнчүлүктөрү дагы өсүүдө. Өзгөчө сапаттын маңызынын өзгөрүүсү жана өнүгүү процесси, анын параметрлери акыркы он жылдыкта динамикалуу түрдө жүргөн.*

***Негизги сөздөр:*** *сапат, эволюция, сапаттын өнүгүүсү, негиздер, техника, технология методдору, сапаттын теориялары, башкаруу модели.*

*В статье была попытка сделать анализ понятия «качество», данное в современных научных источниках. Существует множество определений понятия «качества» в соответствии с контекстом и деятельностью. Важно понимать, что качество - это интерес каждого. В статье сделан акцент на эволюции понятия «качества», так как исторический экскурс поможет лучше понимать различные интерпретации этого понятия. Многочисленные подходы к определению, обилие различных классификаций, высокая степень значимости – все это свидетельствует об исключительной значимости категории «качество» для образования и в целом для всего общества. В статье также предлагается основные периоды развития качества. В последующем качество развивалось по мере того, как развивались, разнообразились и множились общественные потребности и возрастали возможности производства по их удовлетворению. Особенно динамично процесс развития и изменения сущности качества, его параметров происходил в последние десятилетия.*

***Ключевые слова:*** *качество, эволюция, развитие качества, основы, техника, методы технологии, теории качества, модель управления.*

*The article was an attempt to make an analysis of the concept of "quality", given in modern scientific sources. There are many definitions of the concept of "quality" in accordance with the context and activities. It is important to understand that quality is everyone’s interest. The article focuses on the evolution of the concept of "quality", as the historical insight will help to understand better various interpretations of this concept. Numerous approaches to the definition, the abundance of various classifications, a high degree of significance – all these testify to the exceptional importance of the category “quality” for the education sphere and for society as a whole. The article also suggests main periods of quality development. Later, quality public needs grow, their implementation is different, and increases the possibility of production increases. Changes in the nature of exceptional quality and the development process, and its parameters dynamically in the last decade.*

***Key words:*** *quality, evolution, development of quality, basics, technique, methods of technology, quality theory, management model.*

Дүйнө бүгүнкү күндө адамдын жана билим берүү системасынын сапатынын өнүгүүсүнүн негизинде адам цивилизациясынын туруктуу өнүгүүсүнүн механизмдерин издөөдө биригип жатат. Билим берүүнүн негизги маңызынын өзөктүү категориясы жана конструктивдүү курамы болуп сапат эсептелинет. «Сапат» түшүнүгүнүн маңызын аныктоо менен, сапатка ар түрдүү, көпчүлүгүндө карама-кар-шы аныктамалар сунуш кылынарын белгилеп кетүү керек. С.Е. Шишов жана В.А. Кальней сапаттын маанисинин эки семантикалык түшүндүрмөсүн сунуштаашат: абсолюттук жана салыштырмалуу жана алардын түшүндүрүлүшү. «Абсолюттук маанидеги сапат – бул кандайдыр бир кубулуштун, процесстин, предметтин өнүгүүсүндөгү жетишилген бийик деңгээл же бийигирээк стандартка ылайык келүү. Дал ушул маанide «сапат» деген сөз сүйлөшүү стилинде колдонулат. Салыштырмалуу маанидеги сапат – бул кандайдыр бир кубулуштун, предметтин, процесстин кээ бир

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



касиети, анын орчундуу мүнөздөмөсү, ошондой эле бир жагынан стандарттарга жана спецификацияларга жана экинчи жагынан керектөөчүүлөрдүн талаптарына ылайык келүү катары аныкталат» [1].

Ушул макаланын алкагында биз ар түрдүү булактарда кездешкен аныктамаларга көңүл бурууну туура деп таптык. Алар бизге кийинки диссертациялык изилдөөбүз үчүн жумушчу аныктаманы түзгөнгө жардам берет.

Мисалы «Советтик Чоң Энциклопедияда» мындай аныктама келтирилет: «Сапат – философиялык категория, объектин болмушунан ажырагыс орчундуу белгилүүлүктү билдирет, ошого жараша ал башка эмес ушул гана объект болуп эсептелет. Сапат объектинин курамдык элементтеринин туруктуу өз ара мамилесин чагылдырат, ал анын өзгөчөлүгүн мүнөздөйт, бул бир объектини башкадан айырмалаганга мүмкүнчүлүк берет. Дал ушул сапаттан улам ар бир объект башка объектилерден чектелген бир башкача катары жашайт жана элестетилет» [2].

Ф.А. Брокгауз жана И.А. Ефрондун «Кичи энциклопедиялык сөздүгүндө» төмөнкүдөй аныктама берилет: «Сапат – буюмга белгилүүлүктү берген, аны башка ар кандай буюмдан айырмалаган бардык касиеттердин жыйындысы, маанилүү категориялардын бири» [3].

Ал эми «Энциклопедиялык сөздүктөн» окуй алабыз: «Сапат деп ар бир предметтин, кубулуштун же процесстин белгилүүлүгү айтылат, анын өзгөрүүсү ушул предметтин, кубулуштун же процесстин түп тамырынан өзгөрүүсүн билдирет. Сапаттан айырмаланып, сан деп ал белгилүү учурга чейин предметти, кубулушту же процессти өзгөртпөгөн белгилүүлүктү айтабыз» [4].

С.И. Ожеговдун «Орус тилинин сөздүгүндө» сапаттын эки маанидеги түшүндүрмөсү берилет:

«1) бир предметти же кубулушту башкалардан айырмалаган орчундуу касиеттеринин, өзгөчөлүктөрүнүн бар болушу;

2) кимдир бирөөнүн, жарамдуулук даражасы, кадыр-баркы, тигил же бул касиети» [5].

Энциклопедиялык адабияттардын талдоосунун негизинде биз «сапат» түшүнүгүнүн жумушчу аныктамасын сунуштаганга аракет кылдык. Ал үчүн «Советтик Чоң Энциклопедияда» берилген аныктама негиз катары боло алды, демек, сапат – объектинин курамдык элементтеринин туруктуу өз ара мамилесин чагылдырат, бир объектини экинчи бир объектиден айырмалоого мүмкүнчүлүк берет, ал бир объектини экинчи бир объектиден айырмалоого мүмкүнчүлүк берген анын өзгөчөлүгүн мүнөздөйт. Аныктамалары салыштырганда биз объекттердин (предметтердин, кубулуштардын, процесстердин) сапаты боюнча салыштыруусунун айырмасына таяндык. Бул белги азыркы күндөгү ченемдик документтерде кездешкен сапаттын аныктамаларында кездешпейт, ошондуктан ушул мүнөздөмөлөрдүн изилдениши маанилүү жана керектүү деп эсептейбиз.

**Сапат түшүнүгүнүн эволюциясы.** Сапат түшүнүгү өнүгүүнүн көп кылымдык жолун басып өткөн. Сапат түшүнүгүнүн тарыхый эволюциясын биздин заманга чейин III кылымда Аристотель тарабынан сунушталган көз караштан баштап карасак болот. Ал сапатты «жакшы-жаман» белгиси боюнча айырмалоо менен предметтер ортосундагы айырмачылык катары караган. Бул аныктама шарттуу түрдө сапаттын аныктамасына тиешелүү деп караса болот, бирок өндүрүштүн кол өнөрчүлүк ыкмасы шарттарында баа берүүнүн бул формасы товардын «сапатын» аныктоого мүмкүнчүлүк берген.

Кытайлыктардын вариантында сапатты билдирген иероглиф эки элементтен турат – «тең салмактуулук» жана «акча» (сапат = тең салмактуулук + акча), ошондуктан, сапат «бийик даражада», «кымбат» түшүнүгүнө окшош.

Гегель сапатты объекттин болмушунун түздөнтүз мүнөздөмөсү катары, дүйнөнүн түзүлүшүнүн жана буюмдарды таануунун башталгыч даражасын түзгөн логикалык категория катары аныктаган.

Кийинчерээк коомдук керектөөлөр канчалык өнүгүп, ар түрдүү болуп, көбөйгөн сайын жана өндүрүштүн алардын канааттандыруу боюнча мүмкүнчүлүктөрү өскөн сайын сапат дагы өнүгө баштаган. Сапаттын маңызынын, анын параметрлеринин өзгөрүү жана өнүгүү процесси акыркы жылдары өзгөчө ылдам жүрө баштады. Бул сапат түшүнүгүнүн өзү, ага коюлган талаптар жана мамилелердин тез өзгөргөн учуру. Ушул учурдагы сапат түшүнүгүн аныктоосуна дүйнөлүк белгилүү окумуштуулардын эмгектери арналган, алар Э.У. Деминг, Д.М. Джуран, А.В. Фейгенбаум, Н. Иняц, Ф. Кросби, Т. Петерс, К. Исикава, Г.Тагути, С. Синго[6].

Сапаттын тарыхын, цивилизациянын тарыхы катары жаңы дүйнөнүн тарыхы жана тарыхына чейинки деп бөлүп карасак болот. Сапаттын тарыхынын алдындагы учурду XX кылымдын 50-жылдарына чейинки цивилизациянын өнүгүүсүн карасак болот. Бирок XX кылымдын 50-жылдарына чейин сапат искусствонун, билимдердин жана кесиптердин (эң алгач кол өнөрчүлүк) тармактарынын курамдык бөлүгү катары түшүндүрүлчү. XX кылымдын экинчи жарымынан гана сапат өз алдынча илим катары боло баштайт жана ошону менен бирге сапаттын өнүгүү тарыхы ошончолук баалуу экендигин тастыктасак болот. Сапаттын заманбап тарыхы төрт мезгилге бөлүнөт[7]:

1. Негиздерди түзүү.
2. Жаңы методдорду, техникаларды жана технологияларды түзүү.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



3. Заманбап сапаттын теориясына киришүү.
4. Сапатты башкаруу Моделин колдонуу.

Ар бир мезгил өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө жана артыкчылыктарына ээ, ар бир мезгилдин кыскача мүнөздөмөсү ушул суроону түшүнүүнү жакшыртат.

**Негиздерди түзүү – сапаттын өнүгүүсүнүн биринчи мезгили.** Бул мезгил XX кылымдын 40-жылдарынын аягынан 50-жылдардын аягына чейин белгилүү болгон. Биринчи америкалык адистердин эмгектеринде айтыла баштаган (Эдвардс У. Деминг, Джозеф М. Джуран, Арманд В. Фейгенбаум).

**Жаңы методдорду, техникаларды жана технологияларды түзүү – сапаттын өнүгүүсүнүн экинчи мезгили.** XX кылымдын 60-жылдарына жана 70-жылдардын башталышына туура келет. Ушул мезгилде сапатка жетишүү үчүн эң биринчи япон эксперттери тарабынан татаалдыгы боюнча бийик даражадагы методдор, техникалар жана технологиялар түзүлө баштаган. Белгилүү өкүлдөрү Каору Исикава, Генити Тагути, Сигео Синго.

**Заманбап сапат теориясына киришүү – сапаттын өнүгүүсүнүн үчүнчү мезгили.** XX кылымдын 70-жылдарынын аягында башталып 1987-жылга чейин созулган. Идеялар жана постулаттар «Батыш мектебинин» өкүлдөрү Филипп Кросби, Том Петерс, Клаус Мелл тарабынан сунушталган, алар сапаттын философиясынын башкы багытын түшүнүүгө жардам беришкен.

**Сапатты башкаруунун моделин колдонуу – сапаттын өнүгүүсүнүн төртүнчү мезгили.** XX кылымдын 90-жылдарында башталып азыркы күнгө чейин уланууда. Бул мезгил 9000 сериясындагы ИСО стандарттарынын пайда болушу менен башталган, анда сапаттын Жалпы башкаруусунун TQM (Total Quality Management) жаңы модели сунуш кылынган.

Сапаттын теориясы жана практикасы адамзаттын камкордугу болуп калды, анын өнүгүүсүнө дүйнө жүзү боюнча илимий, аскер, мамлекеттик институттарда бийик класстагы он миңден адистер катышууда.

**Адабияттар:**


1. Шишов С. Е. Мониторинг качества образования в школе / С.Е. Шишов, В.А. Кальней. - М.: Российское педагогическое агентство, 1998. - 354 с.
2. Большая Советская Энциклопедия (третье издание). -- М., 1970.
3. Малый Энциклопедический словарь Ф.А. Брокгауза и И.А. Ефрона - М.: Терра, 1994. - С. 2051.
4. Энциклопедический словарь - М.: Гос. науч. изд-во «БСЭ», 1954. - Т. 2. - С. 56.
5. Словарь русского языка С.И. Ожегова - М.: Изд-во «Русский язык», 1978. - С. 249
6. Магомедов Ш.Ш. Управление качеством продукции / Магомедов Ш.Ш. - М.: Издательско-торговая корпорация «Дашков и К°», 2013. - 336 с.
7. Магомедов Ш.Ш. Управление качеством продукции / Магомедов Ш.Ш. - М.: Издательско-торговая корпорация «Дашков и К°», 2013. - 336 с.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Калдыбаева А.Т.**